**<u>Расмий тилден мамлекеттик тилге которулган</u>**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН**

**КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН**

Айнура Мусаевна Осмоналиеванын, бектур Камильевич Осмонбаевдин, Гульзар Абдыбековна Суталинованын Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын «Жарандар Айнура Мусаевна Осмоналиеванын, бектур Камильевич Осмонбаевдин, Гульзар Абдыбековна Суталинованын кайрылуусун кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө» 2014-жылдын 7-октябрындагы № 61о аныктамасын жокко чыгаруу жөнүндө даттануусун канагаттандыруу жөнүндө

# ТОКТОМУ

2014-жылдын 19-ноябры Бишкек шаары

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын төмөнкү курамы: төрагалык кылуучу - судья М.Ш. Касымалиев, судьялар Ч.А. Айдарбекова, М.Р. Бобукеева, Э.Т. Мамыров, А.О. Нарынбекова, Э.Ж. Осконбаев, Ч.О. Осмонова, К.С. Сооронкулова, соттук отурумдун катчысы М.Э. Төлөбалдиевдин катышуусунда «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 28-беренесинин 5-бөлүгүн жетекчиликке алып, Айнура Мусаевна Осмоналиеванын, Бектур Камильевич Осмонбаевдин, Гульзар Абдыбековна Суталинованын Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын «Жарандар Айнура Мусаевна Осмоналиеванын, Бектур Камильевич Осмонбаевдин, Гульзар Абдыбековна Суталинованын кайрылуусун кабыл алуудан баш тартуу

жөнүндө» 2014-жылдын 7-октябрындагы № 61о аныктамасын жокко чыгаруу жөнүндө даттануусун карап чыкты.

Даттануу боюнча соттук отурумду даярдаган судья Э.Ж. Осконбаевдин билдирүүсүн угуп, тапшырылган материалдарды изилдеп чыгып, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы

ТАПТЫ:

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасына 2014-жылдын 25-августунда жарандар Айнура Мусаевна Осмоналиеванын, Бектур Камильевич Осмонбаевдин, Гульзар Абдыбековна Суталинованын «ошондой эле жергиликтүү кеңештин чечимдерин жана тапшырмаларын аткарбоо үчүн» деген сөздөр менен баяндалган «Жергиликтүү кеңештин депутаттарынын статусу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 3-беренесинин 3-бөлүгүнүн ченемдик жоболорун Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 2-беренесинин 1-, 2-бөлүктөрүнө, 4-беренесинин 1-, 2-бөлүктөрүнө, 52-беренесинин 1-бөлүгүнүн 2-пунктуна, 110-беренесинин 1-, 2-, 3-бөлүктөрүнө, 112-беренесинин 1-бөлүгүнө карама-каршы келүүсүн таануу жөнүндө кайрылуусу келип түшкөн.

Арызданууучулардын пикири боюнча, жарандар Кыргыз Республикасынын Конституциясында кепилденген шайланууга укугун жүзөгө ашырып жатып, ошондой эле шайлоонун жыйынтыктары боюнча депутаттын статусуна ээ болуп жатып, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүк органдары аркылуу эл бийлигин жүзөгө ашыруу мүмкүндүгүн алууда. Сессиянын чечимдерин же тапшырмаларын аткарбоо үчүн жергиликтүү кеңештин депутатын кайра чакыртып алуу жарандын шайлануу укугунун маңызынын бузулушуна шарттарды түзүүдө.

Арызданууучулар Кыргыз Республикасынын Конституциясында саясий ар түрдүүлүк жана көп партиялуулук таанылат, ал демократиялык коомдо шайлоо органдарында таасир үчүн өз ара күрөшүп жаткан ат салышкан топтордун болуусу менен шартталган, ал эми талашылып жаткан ченем көп партиялуулуктун жана саясий ар түрдүүлүктүн принциптерине карама-каршы келүүдө жана саясий партиялардын укуктарынын дисбалансын түзүүдө деп көрсөтүүдө.

Конституциялык палатанын Э.Ж. Осконбаевдин, М.Ш. Касымалиевдин, А.О. Нарынбекованын курамындагы судьялар коллегиясы өтүнүчтү алдын ала текшерүүсүн даярдаган судья-баяндамачы

Э.Ж.Осконбаевдин маалыматын угуп, 2014-жылдын 7-октябрында аны өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө аныктама кабыл алган.

Жарандар А.М. Осмоналиева, Б.К, Осмонбаев, Г.А. Суталинова судьялар коллегиясынын 2014-жылдын 7-октябрындагы 61о аныктамасы менен макул болбостон, 2014-жылдын 20-октябрында Конституциялык палатага даттануу менен кайрылган.

Арызданууччулар өзүнүн даттануусунда судьялар коллегиясы «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамда каралбаган негиздер боюнча кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуудан негизсиз баш тартышкан деп көрсөтүшүүдө.

Ушуга байланыштуу, А.М. Осмоналиева, Б.К. Осмонбаев, Г.А. Суталинова Конституциялык палатанын судьялар коллегиясынын 2014-жылдын 7-октябрындагы № 61о аныктамасын жокко чыгарууну жана алардын өтүнүчүн өндүрүшкө кабыл алууну суранышууда.

Конституциялык палата даттанууну жана ага тиркелген материалдар менен таанышып чыгып, А.М. Осмоналиеванын, Б.К, Осмонбаевдин, Г.А. Суталинованын өтүнүчү «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 25-беренесинде коюлган формалдуу талаптарына жооп берет деп эсептейт.

Жогоруда баяндалгандын негизинде, «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 28-беренесинин 5-бөлүгүн, 47-беренесин, 51-беренесинин 1-бөлүгүн жетекчиликке алып, Конституциялык палата

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Айнура Мусаевна Осмоналиеванын, Бектур Камильевич Осмонбаевдин, Гульзар Абдыбековна Суталинованын Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын «Жарандар Айнура Мусаевна Осмоналиеванын, бектур Камильевич Осмонбаевдин, Гульзар Абдыбековна Суталинованын кайрылуусун кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө» 2014-жылдын 7-октябрындагы № 61о аныктамасын жокко чыгаруу жөнүндө даттануусу канагаттандырылсын.

2. Жарандар Айнура Мусаевна Осмоналиеванын, Бектур Камильевич Осмонбаевдин, Гульзар Абдыбековна Суталинованын «ошондой эле жергиликтүү кеңештин чечимдерин жана тапшырмаларын аткарбоо үчүн»

деген сөздөр менен баяндалган «Жергиликтүү кеңештин депутаттарынын статусу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 3-беренесинин 3-бөлүгүнүн ченемдик жоболорун Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 2-беренесинин 1-, 2-бөлүктөрүнө, 4-беренесинин 1-, 2-юөлүктөрүнө, 52-беренесинин 1-бөлүгүнүн 2-пунктуна, 110-беренесинин 1-, 2-, 3-бөлүктөрүнө, 112-беренесинин 1-бөлүгүнө карама-каршы келүүсүн таануу жөнүндө өтүнүчү өндүрүшкө кабыл алынсын.

3. Конституциялык палатанын ушул токтому акыркы, датанууга жатпайт жана жарыялангандан тартып күчүнө кирет.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫ**